**2016-жылдын январь-февраль айларындагы акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**

2016-жылдын январь-февраль айларында экономиканын -7,8 пайызга чейин (Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча) төмөндөшү белгиленген (2015-жылдын январь-февраль айларында 8,9 пайызга экономикалык өсүш байкалган), «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда, реалдуу ИДӨ 0,1 пайызга төмөндөгөн (2015-жылдын январь-февраль айларында ал 2,9 пайызга көбөйгөн).

2016-жылдын январь-февраль айларында керектөө баа индекси 0,3 пайызга төмөндөшү катталган, мында, февраль айында инфляция жылдык мааниде 1,3 пайызды түзгөн (ал эми 2015-жылдын февраль айында ал 11,0 пайызды түзгөн). Жылдык мааниде базалык инфляция[1] ушул жылдын февраль айында 8,1 пайызды түзгөн (ал эми 2015-жылдын февраль айында ал жылдык мааниде 8,2 пайызда калыптанган).

Сомго карата АКШ долларынын расмий курсу 2,2 пайызга төмөндөп, февраль айынын акырында бир доллар үчүн 74,2525 сомду түзгөн (2015-жылдын январь-февраль айларында 4,1 пайызга көбөйгөн).

2016-жылдын январь-февраль айларында акча базасы 62,0 млрд сомду түзүү менен 7,5 пайызга азайган (өткөн жылдын январь-февраль айларында ал 10,2 пайызга азайган), анын ичинде жүгүртүүдө акчалар башка депозиттик корпорациялардын камдарынын 0,2 млрд сомго же 1,9 пайызга көбөйүшүнөн улам, 5,2 млрд сомго же 8,9 пайызга төмөндөгөн.

2016-жылдын январь-февраль айларында акча базасынын түзүмү төмөнкүдөй калыптанган:

- жүгүртүүдө акчалардын үлүшү 85,8 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камынын үлүшү 14,2 пайызды түзгөн.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар февраль айынын акырында 7,8 млрд сомду түзүү менен жыл башынан бери 5,5 пайызга азайган, үстөк кам (арылтуудан кийин) 142,7 пайызга 1,0 млрд сомго чейин өскөн (2015-жылдын январь-февраль айларында милдеттүү камдар 0,6 пайызга, ал эми үстөк камдар 10,8 пайызга өскөн).

Акча базасынын кыскаруусуна январь-февраль айларында арылтуу операциялары жана валюталык интервенциялар менен шартталган Улуттук банктын операциялары 3,9 млрд сомго жана Өкмөттүн операциялары 1,1 млрд сомго негизги салымын кошкон.

2016-жылдын январь-февраль айларында камга коюлган акчалардын деңгээлине таасир эткен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги операцияларынан болуп, төмөнкүлөр саналган:

- валюталык интервенциялар аркылуу жүгүртүүдөн 5,9 млрд сом алынып салынган;

- Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын сатуу боюнча орто күндүк көлөмү 2,2 млрд сомду түзгөн;

- «овернайт» депозиттеринин дүң көлөмү 76,4 млрд сомду, ал эми алардын жайылтуу боюнча орто күндүк көлөмү – 2,0 млрд сомду түзгөн;

- Улуттук банктын таза чыгашалары акча базасын 163,0 млн сомго көбөйткөн;

- ипотекалык кредиттерди чет өлкө валютасынан улуттук валютага конвертациялоо боюнча программанын алкагында кредиттердин көлөмү 1,7 млрд сомду түзгөн;

- Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен биргеликте түзгөн эл аралык уюмдарына берилген кредиттердин көлөмү 350,0 млн сомду түзгөн.

Улуттук банктын таза чет өлкө активдери 2016-жылдын январь-февраль айларында 1,2 пайызга (же 1,5 млрд сомго) азайган, бул негизинен башка тышкы активдердин 4,2 млрд сомго кыскаруусунан улам келип чыккан. Таза чет өлкө активдер түзүмүндө таза эл аралык камдардын 2,5 млрд сомго же 2,3 пайызга көбөйүшү байкалган.

---

[1]Жалпы инфляциядан азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү алынып салынат

2016-жылдын январь-февраль айларында дүң эл аралык камдар доллар эквивалентинде 1 795,6 млн долларды түзүү менен 16,0 млн АКШ долларга көбөйгөн.

Таза ички активдери кароого алынып жаткан мезгил ичинде 6,3 пайызга же 3,6 млрд сомго азайган (2015-жылдын январь-февраль айларында 7,2 пайызга азайган). Таза ички активдердин азайышына салымды Өкмөттүн депозиттеринин 4,2 млрд сомго көбөйүшү жана коммерциялык банктарга карата таза талаптардын 0,8 млрд сомго өсүшү таасир эткен. Таза ички активдердин өсүшүнө салымды капитал эсебинин 2,9 млрд сомго көбөйүшү таасир эткен, ал алтынга, чет өлкө валюта активдерине кайра баа берүү менен байланыштуу болгон.

**Акча топтомдорунун өзгөрүшү**

Банктардан тышкаркы нак акчалардан жана улуттук валютадагы[2] депозиттерден турган *М2 акча топтому*, 2016-жылдын январь-февраль айларында 76,5 млрд сомду түзүү менен 7,0 пайызга азайган (2015-жылдын январь-февраль айларында 9,3 пайызга төмөндөгөн).

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы кароого алынган мезгил ичинде 132,1 млрд сомду түзүү менен 7,7 пайызга төмөндөгөн, бул негизинен чет өлкө валютасындагы депозиттердин 8,7 пайызга сыяктуу эле, улуттук валютадагы депозиттердин 2,8 пайызга төмөндөшү менен шартталган; банктардан тышкаркы акчалар 9,4 пайызга төмөндөгөн (2015-жылдын январь-февраль айларында М2Х акча топтому 4,5 пайызга төмөндөгөн).

М2Х акча массасынын түзүмү төмөнкүчө түптөлгөн:

- банктардан тышкаркы нак акчанын үлүшү – 36,5 пайыз (2015-жылдын 1-мартында – 38,8 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 21,5 пайыз (2015-жылдын 1-мартында – 24,0 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 42,1 пайыз (2015-жылдын 1-мартында– 37,2 пайыз).

2016-жыл башынан тартып чет өлкө валютасындагы депозиттер 55,6 млрд сомду түзүү менен 8,7 пайызга кыскарган, 6,6 пайызга алмашуу курсунун таасирин эске албаганда; улуттук валютадагы депозиттер 2,8 пайызга, 28,3 млрд сомго чейин кыскарган. Натыйжада, депозиттердин жалпы көлөмү[3] 2016-жылдын январь-февраль айларында 83,9 млрд сомду түзүү менен 6,8 пайызга азайган (өткөн жылдын январь-февраль айларында 0,2 пайызга өсүш байкалган).

М2Х акча топтомунда камтылган депозиттердин долларлаштыруу деңгээли өтүп жаткан жылдын февраль айынын акырында жыл башынын деңгээлге салыштырмалуу 1,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен 66,2 пайызды түзгөн.

Экономикага кредиттер[4] 2016-жылдын январь-февраль айларында 95,0 млрд сомду түзүү менен 1,3 пайызга төмөндөгөн, бул негизинен чет өлкө валютасындагы кредиттердин 12,0 пайызга төмөндөшүнөн улам келип чыккан, алмашуу курсунун тийгизген таасирин эске албаганда, экономикага берилген кредит 1,0 пайызга өскөн (2015-жылдын январь-февраль айларында экономикага берилген кредит тиешелүүлүгүнө жараша 0,6 пайызга көбөйгөн жана 1,6 пайызга кыскарган).

2016-жылдын январь-февраль айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 127,8 млрд сомду түзүү менен (2015-жылдын январь-февраль айларында – 3,3 пайызга) 6,7 млрд сомго (же 5,0 пайызга) азайган.

2016-жылдын февраль айынын акырында банк тутумунун таза ички активдери аталган жылдын башынан тартып 4,3 млрд сомго же 50,3 пайызга төмөндөө менен 4,3 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын январь-февраль айларында 12,3 пайызга кыскарган), бул Өкмөттүн

---

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери

[3] М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасында камтылган депозиттер

[4] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери

депозиттеринин 4,3 млрд сомго же 17,6 пайызга көбөйүшүнөн жана башка секторлор боюнча талаптардын 1,2 млрд сомго төмөндөшүнөн улам келип чыккан.

2016-жылдын февраль айынын акырында эсептик чен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык 10,00 пайыз деңгээлинде сакталган (2015-жылдын февраль айынын акырында – 11,00 пайыз). «Овернайт» кредиттери жана депозиттери боюнча пайыздык чендердин жогорку жана төмөнкү чени тиешелүүлүгүнө жараша 12,00 жана 4,00 пайыз деңгээлинде турган (2015-жылдын февраль айынын акырында 12,00 жана 5,00 пайыз деңгээлинде турган).

2016-жылдын февраль айынын акырында 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 9,89 пайызды түзгөн. 2016-жылдын февраль айында банктар аралык рыногунда репо операциялар боюнча орточо салмактанып алынган маани (7 күнгө чейинки мөөнөтү менен) 11,31 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук даражасын мүнөздөгөн, кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча мультипликатору 2016-жылдын 1-мартында 2,130 түзгөн, М2 мультипликатору – 1,233 түзгөн (2015-жылдын 1-мартында ал 2,056 жана 1,292 түзгөн).

Февраль айынын акырында М2Х акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 31,2 пайызды, М2 акча топтому боюнча - 18,6 пайызды түзгөн (2015-жылдын январь-февраль айларында ал тиешелүүлүгүнө жараша 30,1 жана 20,8 пайызды түзгөн).

## Акчаларды жүгүртүү тездиги

Акчаларды жүгүртүү тездиги 2016-жылдын февраль айынын акырында (М2Х боюнча) 3,2 түзгөн.

Улуттук банктын кассасына 2016-жылдын январь-февраль айлары ичинде 12,3 млрд сом келип түшкөн, ал өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 18,3 млн сомго же 0,7 пайызга, берүүлөр 1,5 млрд сомго же 27,6 пайызга көбөйүп, 7,1 млрд сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2016-жылдын январь-февраль айлары ичинде 154,1 млрд сом келип түшкөн, ал өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 19,2 млрд сомго же 14,2 пайызга, берүүлөр 20,9 млрд сомго же 16,1 пайызга көбөйүп, 150,0 млрд сомду түзгөн.

Төлөм системасында 2016-жылдын январь-февраль айлары ичинде финансылык тобокелдиктердин деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 2016-жылдын февраль айынын акырында 0,47; ликвиддүүлүк коэффициенти – 2,14 түзгөн.